УДК 81'373.422

Исмаилова Д.Н.
*К.Тыныстанов атындагы ЫМУ*

# АНТОНИМДЕРДИН ИЗИЛДЕНИШ АБАЛЫ
(атайын изилдөөлөрдө иликтениши боюнча)

*Аталган чакан макалада кыргыз тил илиминин өнүгүшүнө, анын ичинде атнонимдер жөнүндө алгачкылардан болуп изилдеген белгилүү окумуштуулар: С.Давлетов жана Б.Усубалиевдин изилдөөлөрүнө лингвистикалык илик жүргүзүлдү.*

Кыргыз тилиндеги антонимдерди атайын иликтөөгө алган илимий эмгектерди териштирүү мүнөзүнө карай экиге бөлүп караса болот: 1) чылгый линвистикалык мүнөзүндөгү эмгектер: 2) когнитивдик лингвистикалык нукта териштирген изилдөөлөр. Иликтөөбүз салттуу же чылгый лингвистикалык багытта болгон соң, биз булардын биринчисине өзгөчө көңүл бурарыбызды атайын эскерте кеткибиз келет.

Антонимдерди атайын иликтөөгө алуу окумуштуу С.Давлетовдун 1960-жылы жарык көргөн «Антонимдер жөнүндө» деген чакан макаласынан башталат. Автор антонимдер окуучулардын сөз байлыгын арттыруунун бир каражаты экендигин, ошондуктан ага олуттуу көңүл буруу керектигин, бирок бул маселе азыркыга чейин көз жаздымда калып келаткандыгын, мектеп окуучулары үчүн арналган кыргыз тили окуу китептеринде антонимдер жөнүндө эч нерсе айтылбагандыгын белгилеп келип, аталган проблема боюнча төмөнкүлөргө назар бурат. Антонимдерди маани жактан карама-каршы сөздөр катары карайт да, бирок бул антонимдер бардык жагынан бири-бирине карама-каршы келип, бири экинчисин толук танат дегендик эмес экендигин, тескерисинче, антонимдер туюндурган нерселердин ортосунда жалпылык бардыгын, дал ушул жалпылык аларды карама-каршы коюуга өбөлгө түзөрүн айтат. Мисалы, *ак* менен *чоң* сөздөрү өз ара антоним боло алышпайт, анткени *ак* түстү, ал эми *чоң* көлөмдү билдирет, *чоң* сөзү *кичине* сөзүнө антоним болот, анткени экөө тең көлөмдү туюндурат, ушул жагынан жалпылыкка ээ. «Бирок маанилеринин карама-каршы болушу негизги ролду ойносо да, - деп белгилейт андан ары автор,- сөздөрдү антоним катары эсептөө үчүн бул жетишсиздик кылат, ал үчүн сөздөр бирдей сөз түркүмүнө да тиешелүү болушу керек, айталы, *жакшылык* сөзү мааниси жагынан *жаман* сөзүнө каршы турса, экөөнү антоним катары карай албайбыз, себеби жакшылык - абстрактуу зат атооч, ал эми жаман – сын атооч, демек, *жакшылык* сөзү *жамандык* сөзү гана антоним боло алат» [1,57].

Бул жерде, биздин оюбузча, тактоону талап кылчу төмөнкүдөй эки маселе бар. Биринчиден, өз ара жалпылыкка ээ болгон, т.а., бир тектеги нерселерди туюндурган сөздөрдүн баары эле антоним боло бербейт, айталы, *жакшы-мыкты* сөздөрү деле бир текке кирген (сапат) түшүнүктү туюндурат, бирок биз аларды антоним эмес, синоним катары карайбыз. Демек, логикалык жактан алганда, антоним болуш үчүн бир тектин акыркы чектерин билдириши зарыл, мисалы, сапаттын акыркы чектерин *жакшы-жаман* сөздөрү туюндурат, ошон үчүн алар антонимдер катары эсептелет. Экинчиден, *жаман-жакшылык* сөздөрү эки башка сөз түркүмүнө таандык экендигин, экөөнү нагыз антонимдер катары кароого мүмкүн эместигин танууга болбойт, бирок мындай типтегилерди бири-бирине таптакыр антонимдик катышта боло албайт деш бир жактуу болуп саналат, алар белгилүү бир контекстте антонимдик катышта боло алышат. Мисалы, Өтө

**ысык** бат **муздайт**, *Демейде* **жапыстыктар** *бийик тартты, Жаш көрдүм сексендерге барган картты* (С.Э.) өтүү стилдик фигурасында колдонулуп, жашоо диалектикасын (карама–каршылыктардын бири-бирине өтүүсүн, айлануусун) чагылдырган *ысык-муздайт*, *жапыстыктар – бийик* сөздөрү эки башка сөз түркүмүнө (*ысык* – сын атооч, *муздайт* – этиш, *жапыстыктар* – зат атооч, *бийик* – сын атооч) тиешелүү болушса да, карама-каршы түшүнүктү билдиришип, антонимдик катышты түзүп турушат.

Андан ары изилдөөчү антонимдердин дагы бир белгиси катары алардын башка сөздөр менен айкалышы жагынан бирдей жөндөмдүүлүккө ээ экендигин, ушундай кырдаалда гана «биринин ордуна экинчисин колдонуп, бир түшүнүктү экинчиге каршы коюу мүмкүнчүлүгү» [1,57] түзүлөрүн белгилеп көрсөтөт. Антонимдер теориясынын өнүгүшүнө сереп салып көрсөк, бир мезгилде антонимдер ар башка уңгудан турушу керек деген көз караш да өкүм сүргөндүгүнө күбө болобуз. Муну автор да атайын белгилеп көрсөтөт, бирок өзү *даамдуу-супсак* антонимдери аркылуу алар ар башка уңгудан да, бир уңгудан жасалышы мүмкүн деген тыянакка келет. Арийне, *даамдуу-супсак* антонимдеринин жаралышына **=луу** мүчөсү өбөлгө түзгөндүгүн танууга болбойт, бул жагынан автордун оюна толук кошулабыз, бирок бул антонимди бир уңгудан жасалган антоним катары карашы чындыкка коошпойт, изилдөөчү бул мисалдын ордуна *даамдуу-даамсыз* антонимин келтиргенде, өз оюн толук бекемдей алмак. Дагы бир кызык факт: автор бир эле сөз да карама-каршы мааниде колдонуларын (кийин бул кубулуш энантиосемия деген термин менен тил илиминен орун алды – Д.И.) ошол учурда эле белгилеп көрсөткөн, бирок, биринчиден, карама-каршы маанини ар кайсы доорго, мезгилге таандык кубулуш катары караган, экинчиден, мисалды татар тилинен келтирген, т.а., «татар тилинин өнүгүшүнүн белгилүү бир мезгилинде *алды* деген сөз арты деген маанини берген, ал маани бара-бара өзгөрүлгөн да, алды деген мааниге ээ болуп калган» [1,58]. Албетте, кийинки изилдөөлөр автордун бул оюна тактоолорду киргизди: бир эле сөз башка тилдерде гана эмес, кыргыз тилинде деле карама-каршы мааниде колдонулары аныкталды, бир эле сөз ар башка доордо, мезгилде гана эмес бир эле мезгилде, айталы, азыркы учурда деле карама-каршы маанини туюндурары көптөгөн фактылык материалдар аркылуу далилденди. Акырында изилдөөчү антонимдерди контекстке карата карым-катышына карай *нагыз антонимдер* жана *контекстик антонимдер* деп эки бөлүп карайт да, контексттеги антонимдерди бир тилде сүйлөөчүлөр үчүн жалпы мүнөзгө ээ болбогондуктан, индивидуалдык антоним катары карайт; антонимдер айтылуучу ойду күчөт, аныктоо максатында көркөм адабияттарда кеңири колдонуларын айтат. Жыйынтыктап айтканда, окумуштуу С.Давлетов кыргыз тилиндеги антонимдердин изилденишине чыйыр салып, ага байланыштуу бир топ маселелер жөнүндө кыскача болсо да илимий маалымат берип кеткен десек болот.

Антонимдерге байланыштуу экинчи изилдөө окумуштуу Б.Усубалиевге таандык, ал 1983-жылы «Кыргыз тилиндеги антонимдер (Антонимы в киргизском языке)» аттуу темада кандидаттык диссертациясын жактап, ушул эле диссертациясынын негизинде 1987-жылы «Антонимдер жана аларды окутуу» деген илимий монографиясын жарыкка чыгарган. Аталган монографияда автордун антонимдер маселесине карата көз карашы толук чагылдырылгандыктан, биз ага гана токтолууну туура көрдүк. Алдын ала атайы айта кетчү бир кеп: окумуштуу Б.Усубалиев, негизинен, антонимдерди логика-психологиялык, психолингвистикалык жана стилистикалык нукта

иликтөөгө өзгөчө ык коет. Муну биз эмгекте коюлган жана чечмеленген төмөнкүдөй суроолордон эле даана байкайбыз: антонимдер менен реалдуу карама-каршылыктын карым-катышы кандай, антонимдер сөздөрдүн гана карама-каршылыгыбы, же алар турмуштагы реалдуу карама-каршылыктын тилде чагылдырылышыбы; жетесинен карама-каршы дегендин өзү эмне; карама-каршылыктын кандай типтери бар, буга ылайык антонимдерде өз ара кандай өзгөчөлүк болот; адамдардын жаш курагына, кесибине ж.б. өзгөчөлүгүнө карай карама -каршылыкты кабылдоодо кандай айырмачылык болушу мүмкүн; жаңы түшүнүктүн жаралышы, түшүнүктүн кыйрашы деген эмне, антонимдердин көркөмдүк кудурет-күчү эмнеден көрүнөт ж.б. Кыскасы, изилдөөчү Б.Усубалиев кыргыз тилинин мисалында антонимдерге байланыштуу жалпы теориялык маселелерди көтөрүп чыккан жана аларды ар тараптуу чечүүгө абдан далалат кылган. Биз аларды жалпылап, кыскача берүүгө аракеттенели.

Эмгектин «Антонимдер жана карама-каршылык» аттуу биринчи бабынын биринчи бөлүгүндө автор антонимдерди өзүнчө тилдик кубулуш катары кароонун себеби алардын өздөрүнө гана таандык белгилерге ээ экендигинде жаткандыгын белгилейт да, андай белгилер деп төмөнкүлөрдү көрсөтөт:

«1. *Лексика-семантикалык жактан*: а) бирдей лексика-семантикалык топко (бирдей текке) таандык болушу; б) карама-каршы маанини билдирүү;

2. *Грамматикалык жактан: а)* бирдей сөз түркүмүнө таандык болуу; башка сөздөргө айкашуу жагынан көбүнчө бир-бирине дал келиши;

3. *Функционалдык жактан*: а) бирдей стилге таандык болушу; б) речте бирге жыш колдонулушу» [4,10-11]. Булардын ичинен изилдөөчү бирдей текке таандык болушу, карама-каршы маанини билдириши жана кепте бирге жыш колдонулушу белгилерине гана токтолот да, калгандарын жөн гана санактоо менен чектелет. Автордун жогорудагы белгилер боюнча айткандарынан улам, төмөндөгүдөй жагдайларды атайы белгилей кетүү жөн:

1) бир текке таандык түшүнүктөрдүн баары эле антоним боло бербейт, бул үчүн алардын ортосунда карама-каршылык болушу керек, т.а., антонимдер бир тектин акыркы чектерин билдирет, автор бул акыркы чектерин билдиргендиги үчүн «антонимдер түгөйү менен жаралат жана аларды бири-биринен ажыратып жиберүүгө болбойт» (4,9);

2). Автордун ою боюнча, кепте бирге жыш колдонуу гана антонимдерде туруктуулукту жаратат: алардын синтаксистик модели калыпка салынып дал ушундай карама-каршы мааниде колдонуу биротоло нормага айланат, бирин айтуу аркылуу экинчисин эске түшүрүүгө шарт түзүлөт. [4,8-9-б.]. Автор ушундай сөздөрдү гана нагыз антонимдер катары карайт;

3) изилдөөчү карама-каршылыкты кабылдоодогу субьективдүүлүккө да токтолуп, адам жаш курагына, кесибине, жашоо шартына ж.б. жагдайларга карай карама-каршылыкты ар кандай кабыл ала бериши ыктымал экендигин, айталы, койчу кой менен карышкырды карама-каршы кабыл аларын белгилеп келип, мындай субьективдүү мүнөздөгү карама-каршылыкты туюндурган сөздөрдү антоним катары кароого болобу деген суроону коет. Бул өңдүү сөздөрдүн көбүн антоним катары кароого болбойт,-деп жооп кайтарат автор өз суроосуна,- анткени белгилүү бир тилде (айталы, кыргыз тилинде) сүйлөгөндөрдүн баары аларды антоним катары колдонбойт, карама-каршы мааниде кабыл албайт, алар элдин айрым топторуна гана таандык болуп саналат [4,6].

Ушул эле баптын экинчи бөлүгү антонимдер теориясындагы алигиче так

чечилбей, талаш-тартыштарды туудуруп келаткан маселени – антонимдердин чындыктагы негизин – териштирүүгө арналган. Бул проблема боюнча тил илиминде бүгүнкү күнгө чейин төмөнкүдөй кайчы көз караш өкүм сүрүп келет: 1) антонимдер – турмуштагы обьективдүү карама-каршылыктардын тилде чагылдырылышы; 2) антонимдердеги карама-каршылык обьективдүү чындыкта жашабайт, ал жалпылоонун, салыштыруунун, баалоонун натыйжасы катары акыл-эсте, сөздүн маанисинде гана болот [4,12]. Бул эки топтун ар биринин өздөрүнүн жактоочулары бар,ошондой эле ар биринин тутунган далилдери да бар. Изилдөөчү алардын пикирлерине ар тараптуу талдоо жүргүзүп, мындагы өксүк эмнеде жаткандыгын жалпылап көрсөтөт; антонимдерди обьективдүү карама-каршылыкты билдирген антонимдер жана прагматикалык (кыйыр) карама-каршылыкты билдирген антонимдер деп экиге бөлүп карап, экөөнүн ортосундагы айырмачылык менен жалпылыкты кыргыз тилинин мисалында ачып берет; карама-каршылык жана конфликт, жетесинен карама-каршы, карама-каршылыктын деңгээли боюнча антонимдерди түрдүүчө кабылдоо өңдүү маселелерге да токтолуп, алардын антонимдердин чындыктагы негизин терең ачып берүүгө тикеден-тике тийиштиги бар экендигин ынанымдуу далилдейт. Акырында төмөнкүдөй тыянак чыгарат: а) антонимдердин тилдик кубулуш экендиги алардын негизин түзгөн карама-каршылыктын обңективдүүлүгүн жокко чыгара албайт, карама-каршылыкты сөздөрдүн жалпылоочулук касиети жана антонимдердин кепте бирге жыш колдонулгандыгы менен түшүндүрүлөт; б) адам баласы карама-каршылыкты жаратпайт, болгону таанып билет да, аларды тилде антонимдер аркылуу туюндурат; в) антонимдердин негизин түзгөн карама-каршылыктар ар түрдүү болот, буга байланыштуу антонимдер да өз ара айырмаланышат, ошондой эле обьективдүү чындыктагы кубулуштар, касиет-сапаттар, аларды туюндурган антонимдер эмоционалдык жактан адамга бирдей таасир этпейт, ошондуктан антонимдер да карама-каршылыктын деңгээли боюнча түрдүүчө кабыл алынышы ыктымал, карама-каршылык менен конфликтини чаташтырбоо керек, антонимдердин баары эле тикеден-тике конфликтте, физикалык кагылышта болгон кубулуштарды, касиет-сапаттарды чагылдыра бербейт.

Жыйынтыктап айтканда, окумуштуу: «антонимдер – карама-каршы маанидеги сөздөр, бирок маанидеги карама-каршылык сөздөрдүн семантикалык касиетинен жаралбайт, обьективдүү карама-каршылыктын чагылдырылышы болуп саналат» - деген өзүнүн негизги жобосун бардык тараптан ынанымдуу ачып берүүгө далалат кылган. Арийне, окумуштуунун теориялык жалпылоолору антонимдер теориясын байытууга белгилүү бир деңгээлде үлүш кошкондугун тана албайбыз, бирок, ошентсе да, автордун жалпылоолору конкреттүүлүк жактан көрүнүп тургандыгын да айта кетишибиз зарыл. Биринчиден, антонимдердин табиятын териштирүүдө ал көбүнчө маселенин логика-философиялык жагына назар буруп, лингвистикалык жагын анча эске албайт, антонимдердин айрым белгилерин талдоого албай, санактоо менен чектелет, экинчиден, антонимдердин чындыктагы негизин териштирүүдө карама-каршылыктын обьективдүүлүгүнө ашкере басым коюп, антонимдердин лингвистикалык табиятын көз жаздымда калтырып салгандай, ошондой эле чыгарган теориялык тыянактары жалпылама мүнөздө болуп, фактылык материалдарга конкреттүү талдоо жүргүзүү аркылуу бекемдөөгө муктаж болуп тургандай таасир калтырат, үчүнчүдөн, изилдөөчү антоним термини «карама-каршы маанидеги сөздөр» деген кең жана «нагыз антонимдер» деген тар мааниде колдонуларын, ошондуктан кепте карама-каршы мааниде колдонулган

сөздөрдү контексттик антонимдер жана нагыз антонимдер деп экиге бөлүп кароо зарыл экендигин белгилейт, бирок аталган кубулуштардын табияты конкреттүү талдоонун негизинде чечмеленбей кала берген.

Жыйынтыктап айтканда, биз биринчи макалабызда антонимдерди келечекте кандай багытта изилдөөгө алуу боюнча сунуштарыбызды айткан элек. Аларга кошумча иретинде төмөнкүлөрдү белгилей кеткибиз келет: 1) антонимдер, баарыдан мурда тилдик кубулуш болуп саналган соң изилдөөдө анын лингвистикалык табиятына өзгөчө көңүл бурулушу зарыл; 2) зат атоочтук, этиштик ж.б. антонимдердин ошондой эле антонимдердин негизинде пайда болгон стилдик фигуралардын жана энантиосемиялардын ар бири өз-өзүнчө атайын иликтөөгө муктаж; 3) кыргыз тилинен алынган мол фактылык материалдардын негизинде түрдүү жана бир уңгулуу антонимдер, экөөнүн өз ара карым-катыш маселелери дагы тереңденип изилдөөнү күтөт.

**Адабияттар:**


1. Давлетов С.А. Антонимдер жөнүндө. /Китепте: С.А.Давлетов. Кыргыз тилинин урунттуу маселелери. 3-китеп, -Каракол, 2011.
2. Дунканаев К.Т. Кыргыз макалдарынын тексттик–коммуникативдик өзгөчөлүктөрү. –Каракол, 2010.
3. Осмоналиева Д.К. Кыргыз тилиндеги энантиосемия: КДА. -Бишкек, 2007.
4. Усубалиев Б.Ш. Антонимдер жана аларды окутуу. - Фрунзе, 1987.
5. Эргешова С.Б. Паремияларда антонимдик концепттер аркылуу тилдик дүйнө сүрөтүнүн жана менталдык пропозициянын берилиши. КДА. –Бишкек, 2010.